ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги XVI (он алтынчы) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 06-апрели №77/XVI-29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айылдык кенешинин 2026-жылдын 06-февралындагы №72/XV-29 "Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2026-жылга карата бюджетин бекитүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн аппаратынын жана "Маданият" бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөлөрүн бекитүү, "Ысык-Ата" МИна ыйгарым укуктагы кызматкерлерине акча каражатын которууга жана субсидия берүүгө макулдук берүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жана 2027-2028-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 30-мартындагы №03-13/386 "Акча каражатын төмөнкү маселелерге жылдырып берүү жөнүндө" кайрылуусун, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 02-апрелиндеги №03-13/404 "О.Бөлөбалаев мектебинин жетекчисинин кайрылуусун кароо жөнүндө" кайрылуусун, Алмалуу айылынын депутаты Ж.Бейшекеевдин 2026-жылдын 01-апрелиндеги № 10 кайрылуусун Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексинин" негизинде **Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:**

1. Ысык-Ата айыл өкмөтүнө караштуу Карагай-Булак айылына 2026-жылы асфальт басууга каралган 1200,0 мин сом акча каражатын төмөнкү маселелерге жылдырууга макулдук берилсин:

   - 200,0 мин сом акча каражаты "ЖКХ" бөлүмүнүн 3112 беренесине Ысык-Ата айыл аймагына видео байкоо орнотууга жылдырылсын;
   - 100,0 мин сом акча каражаты "Аппарат" бөлүмүнүн 3112 беренесине аппарат кызматкерлерине 2 даана ноутбук сатып алууга жылдырылсын;
   - 100,0 мин сом акча каражаты "Билим берүү" бөлүмүнүн 3112 беренесине 94,5 мин сом жана 2222 беренесине 5,5 мин сом Сулайманов мектебине 2025-жылы түзүлгөн келишимдин негизинде (интерактивдик панелин, принтер жана куллер) сатып алууга жылдырылсын;
   - 500,0 мин сом акча каражаты "ЖКХ" бөлүмүнүн 2214 беренесине Ысык-Ата айыл аймагында жайгашкан мүрзө жолдорун ондоого күйүүчү май (ДТ) сатып алууга жылдырылсын;

- 20,0 мин сом акча каражаты Таш-башатат айылындагы футбол аянтынын тегереги тозулуп жатканкан темирлерин орнотууга жана аны краскалоого керектелүүчү материалдарды (краска, цемент ж.б.) сатып алууга жылдырылсын;
- 20,0 мин сом акча каражаты О.Бөлөбалаев мектебинин алдындагы арчаларды көчүрүүгө, мамыларды орнотууга жер каздырууга күйүүчү май сатып алууга жылдырылсын;
- 260,0 мин сом акча каражаты Алмалуу айылындагы Маданият үйүнүн сырткы жасалгасын (фасадын) жасатуу боюнча жумуш ишине жылдырылсын;

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет жана каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**